**“Кыргыздын пейили анын меймандостугунда”**

*(“Тарых жана маданият” жылына карата өткөрүлгөн ачык сабак)*

КББАнын ББПМ факультетинин, Педагогика, психология жана социалдык гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын этнопедагогика предмети мугалими, педагогика илимдеринин кандидаты Мурзалиева Зина Кочековнанын жетектөөсү менен 2016-жылдын 22-апрелинде 3-курсунун студенттеринин катышуусунда “Кыргыз пейили, меймандостуу-сый менен” – аттуу темадагы ачык сабак “Тарых жана маданият жылына” карата өткөрүлдү. Ачык сабакка, “Педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо борборунун” окуу бөлүмүнүн башчысы А.Ж. Шергазиев катышты.

КББАнын Мамлекеттик расмий жана чет тилдер кафедрасынын башчысы, доцент К.Э. Эсеналиева, социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы Каракозуева Г.К. ж.б. мугалимдер, студенттер катышышты. Анда кыргыз элинин каада-салттары аркылуу меймандостук кең пейили, тамак-ашы көрсөтүлүп, обондуу ырлары жаңырып, ортосунда элибиздин оозеки чыгармачылыгына басым жасалып, жаңылмачтар, макалдар, табышмактар өз ирээти менен айтылып жатты. Катышуучулардын тарбиялап жаткан окуучуларынан, Ат-башы гимназия орто мектебинин 2-классынын окуучусу Ашырбаева Зухра, С.Ибраимов атындагы орто мектебинин 4-классынын окуучусу Букарбаева Үмүт, №78 гимназия орто мектебинин 2-классынын окуучусу Ишенбаева Керемет өз салымдарын кошуп, “Манас” айтып, күү чертип, бийлешти.

Бул сабактын максаты жаштарга элибиздин каада-салтын, меймандостугун, кең пейилдүүлүгүн чагылдырып көрсөтүү аркылуу тарбиялык маани-маңызын ачып берүү болду. Чындыгында, илгертеден кыргыз элинин көөнөрбөс баалуулуктары элибизде сакталып келе жатат. Салтыбыз, дилибиз, тилибиз барда биз улут болуп келебиз.

Ачык сабак, катышкан педагогдор аркылуу талкууланып, ар ким өз ойлорун ортого салышты. Сырттан окуган студенттердин катышуусу менен өткөрүлгөн бул ачык сабак педагогдордун жеткиликтүү, алгылыктуу билим берүүсүнүн ийгилиги экендигин баса белгилешти.
















